DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 2, 2020

Эшимбекова А.Т., Эшимбеков Т.Т.

КЫРГЫЗДАРДЫН КӨЧМӨН МАДАНИЯТЫНДАГЫ ТОТЕМ ЖАНЫБАРЛАРДЫ ТУЮНДУРГАН АЙРЫМ ТЕРМИНДЕРДИН ЭТИМОЛОГИЯСЫ

Эшимбекова А.Т., Эшимбеков Т.Т.

ЭТИМОЛОГИЯ НЕКОТОРЫХ ТЕРМИНОВ ОБОЗНАЧАЮЩИХ ТОТЕМНЫХ ЖИВОТНЫХ В КОЧЕВОЙ КУЛЬТУРЕ КЫРГЫЗОВ

A.T. Eshimbekova, T.T. Eshimbekov

ETYMOLOGY OF SOME TERMS DENOTING TOTEM ANIMALS IN THE NOMADIC CULTURE OF THE KYRGYZ

УДК: 591.5 (575.2) (04)

Аталган макалада талдануучу терминдер жана алар туюндурган жаныбарлардын культун ачып берүү менен көчмөн турмушту баштан кечирген кыргыздардын маданий турмушун да баракта, ыйык жаныбарлар менен улуттук каада-салттын алкагында таанышууга болот. Бизге бүгүнкү күндө белгилүү болгон тотем түшүнүктөрдү туюндурган терминдердин семантикасы дайыма эле туруктуу болбошу, айрым учурда алып жүргөн маанисинен кескин айырмаланып тургандыгын ачып берүү илимий изилдөөбүздүн предмети саналат. Тотемизм доорунда көчмөн кыргыздардын маданиятында барс, бугу, бөрү, жылкы, жылан, бүркүт жана ак куу жаныбары колдоочулук, коргоочулук касиети менен ыйыктык культуна ээ болуп, тотемдик милдетти аткарып келишкен. Аталган түшүнүктөрдү атаган терминдердин этимологиясын изилдөөдө бир катар түрк тилдериндеги дериваттар келтирилген. Айрым терминдин так этимологиясын аныктоо татаал, андыктан этимологиялык өңүттөгү изилдөөлөр көбүнчө тектеш тилдерди комплекстүү салыштырып талдоону гана эмес, культурология, этнология, этнография, социология, философия жана ушул сыяктуу илимий багыттардан кеңири маалыматка ээ болууну талап кылат. Андан тышкары тилдик каражаттар менен туюндурулган терең түшүнүктөргө аныктама берүү машстабы жеке маселелердин фрагменттүү, тар билими менен чектелбеген комплекстүү талдоону талап кылат.

Негизги сөздөр: *тотем, барс, бугу, бөрү, жылкы, жылан, бүркүт, ак куу.*

В данной статье рассмотрен вопрос определения этимологии терминов в современном кыргызском языке, которые в свою очередь имеют целый ряд коннотаций и считается философемой концептуального характера для тюркских народов. Следует отметить важность попыток внесения авторами альтернативных научных взглядов относительно этимологии слов, которые исследовались с этимологического аспекта в классических трудах известных тюркологов. Этимологические исследования в области кыргызского языкознания в настоящее время обретают новые перспективы развития с лингвокультурологического и этимологического аспектов, в которых появляются все новые этимологические толкования отдельных слов, обоснованные конкретными языковыми фактами. Но следовало бы также отметить, что современные тенденции кыргызской этимологии часто граничат с так называемой народной этимологией, в которой отдельные взгляды остаются на уровне безосновательных гипотез. Хотя народная или, как обычно ее называют, ложная этимология всегда имела место в языкознании как проявление объективного характера, в котором существовал целый ряд взаимоисключающих взглядов на один и тот же объект изучения. Подобные варианты наблюдаются и при определении этимологических истоков ряда слов в кыргызском языке: барс, бугу (олень), бөрү (волк), жылкы (лощадь), жылан (змея), бүркүт (орел), ак куу (лебедь), имеющих сакральный смысл.

Ключевые слова: *тотем, барс, олень, волк, лощадь, змея, орел, лебедь.*

This article discusses the issue of defining the etymology of terms in the modern Kyrgyz language, which in turn have a number of connotations and is considered a conceptual philosophy for the Turkic peoples. It should be noted the importance of the authors' attempts to introduce alternative scientific views regarding the etymology of words that were studied from the etymological aspect in the classic works of famous turkologists. Etymological research in the field of Kyrgyz linguistics is currently gaining new prospects for development from the linguistic-cultural and etymological aspects, in which new etymological interpretations of individual words appear, based on specific language facts. But it should also be noted that current trends in Kyrgyz etymology often border on the so-called folk etymology, in which individual views remain at the level of baseless hypotheses. Although folk or, as it is usually called, false etymology

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

has always taken place in linguistics as a manifestation of an objective nature, in which there were a number of mutually exclusive views on the same object of study. Similar variants are observed when determining the etymological origins of certain words in the kyrgyz language: leopard, bugu (deer), boru (wolf), zhylki (moose), zhylan (snake), burkut (eagle), ak kuu (swan), which have a sacred meaning.

Key words: *totem, leopard, deer, wolf, moose, snake, eagle, swan.*

Кыргыз тилиндеги ***ыйык*** термини түрк тилдеринде ар кандай фонетикалык өзгөрүүлөргө учураган формаларда кездешет, мисалы, алтай тилинде - *ийик*, тува тилинде -*ыдык*, сагай, койбал, хакас тилинин диалектилеринде - *ызык*, ал эми терминдин негизи болгон *ыд*- бөлүкчөсү *"жөнөтүү"* (*кудайга арналган,* демек, *ыйык*) семантикасына ээ болуп, тарыхый колдонуу чөйрөсү Орхон жазууларына барып такалат (Э.В.Севортян), *ыд*- бөлүкчөсүнөн бүгүнкү күндөгү *ыйык* терминининин калыптанышына анын фонетикалык деформациясы *ыд-ук~ыд-ык~ый-ык* тартибинде көрсөтүлүп, *ый*- негизинин архетиби катары *ай*- же *айа ("ардактоо")* морфемасы белгиленет. *Ыйык* терминининин архетиби *ыд*- бөлүкчөсү болбостон, тарыхый формасы *-ĭdug* болушу талаш гипотезалардан [1, 649-б.] Бүгүнкү күндө ***ыйык*** терминининин заманбап эквиваленти катары колдонулган ***сакралдык*** термини англис тилинде – *"**sacral**"*, латынча – "***sacrum**",* немец тилинде –*"**sakralisierung**",* бирок кыргыз тилинде - "***ыйык***" термини менен белгиленип, тар маанисинде - *"кудайларга арналган, таза, ыйык",* ал эми кеңири маанисинде - "*күнүмдүк тиричиликтеги көрүнүш, түшүнүктөрдөн айырмаланган, аларга карамакаршы турган, динге, иррационалдуулукка (акыл менен өлчөөгө мүмкүн болбогон), мистикага, түбөлүк жашоого, жогорку дүйнөгө түздөн-түз тиешеси бар бардык көрүнүштөрдү, кубулуштарды, нерселерди"* туюндурат. Этнографиялык изилдөөлөр көрсөткөндөй, Австралиянын жергиликтүү калкы саналган уруулар майда-майда бүлөлөргө, топторго бөлүнүшүп, ар бири тотем саналган ыйык жаныбардын ысымын алып жүрөт. Бир уруунун тотеми башка бүлөлөр үчүн коркунуч туудурат деп ишенишкен жана жалпы майрамдарда ар бир бүлө жеке тотемине сыйынып, курмандык чалышкан. Алсак, Финикиялыктардын тотеми - *чочко* болсо, индус эли үчүн *ий баласы* ыйык, Африканын бегуан уруусундагы бакуена кланы – *крокодилге,* батлипи кланы - *балыкка,* балаунга кланы - *арстанга,* баморара кланы - *жапайы жүзүмгө* бүгүнкү күнгө да сыйынып келишет. Тотем менен ага сыйынган бүлөнүн, уруунун ортосундагы байланыш адамдарга мүнөздүү туугандык байланыштан да күчтүү келип, укумдан-тукумга карай энеден балага же атадан балага өтө берген. *Тотем жаныбарды* өлтүрүүгө, анын этин жегенге, *тотем өсүмдүктү* үзүп, кыйып, сындырып, тебелөөгө, тотем буюм-затты талкалоого, атынан атоого (тергеп айтууга жол берилген, мисалы, *жолборс - шер, карышкыр - көк жал*), дегеле, мазактоонун, кордоонун ар кандай формаларына тыюу салынган. Тотемге сыйынуу иш-аракеттери ыйыктыктын артыкчылыгына жана "талабына" жараша ар башка мүнөздө аткарылган, тотемдин касиетине ишенүү менен анын ар кандай дене бөлүкчөсүн: *азуусун, тырмагын, кулагын, жүнүнүн үзүмүн, терисинин кесимин, куйругунун кесилген учун* тумар кылып тагып же бешикке *"балага жин-шайтан жолобосун"* деп илип коюшкан. Алгачкы жамааттык *тотемизм* коомдун жаратылыш менен алака-мамилесин жөнгө салгыч функцияны аткарган деп айтууга толук негиз бар, бул учурда адам *"жаратылыш менен жуурулушуп, табияттын уул-кызы"* катары каралган *тотемисттик мораль* тууралуу сөз кылууга болот. *Тотемизмдин* жаралышы боюнча илимий аныктамалар арбын кездешип, *ишеним* катары жаралуу генезиси боюнча изилдөөчү Д.К. Зеленин, А.М. Золотарев, А.С. Токарев, Д.Е. Хайтундун пикиринде, *тотемизм* - алгачкы адам баласына гана мүнөздүү коомдук-жамааттык мамилени курчаган чөйрөнү таңуулоо аракети, ошондой эле адам баласынын жаратылыштын көрүнүштөрүн *"биздики"* жана *"биздики эмес"* принцибинин негизинде бөлүштүрүү ыкмасы катары да каралат. *Тотемизм* күч алып, бардык уруугa мүнөздүү белги катары калыптанган чакта адамдын аң-сезими да өнүгүп, башка уруулардан алсыз болбоонун аракети катары айырмаланган күчтүү колдоочуну издеп, буга чейин *жан-жаныбар, өсүмдүктөр, тоо-таш, асман телолору* урууга калканыч болуп келген.

Жалпы адамзаттын маданияты сыяктуу эле кыргыздарда да ***барс, бугу, бөрү, жылкы, жылан, бүркүт*** жана ***ак куу*** сыяктуу ыйык жаныбарлардын *териси, мүйүзү, тырмагы, туягы, азуусу, канаты, жалы* сыяктуу дене бөлүкчөлөрү тумар катары колдонулуп, тирүүсүндө кадыры күчтүү адамдын бейитине коюу салтынан тышкары учурда бул жаныбарга кол салган мергенчини катуу жаза күткөн.

Изилдөөчү Л. Будагов, Ю.Т. Ценкер *барс* терминин *pars* формасында түрк тилдерине перс тилинен кабыл алынган тилдик бирдик катары белгилейт. Жогоруда анализденген терминдер сыяктуу эле бул терминдин дериваттарына токтолсок, алтай диалектисинде - *парыс/paris;* казак, каракалпак тилдеринде -

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

барис/baris, ал эми согду тилинде - *парсы/persi,* перс тилинин өзүндө - *beres* формасына ээ болуп, түрк тилдеринин байыркы катмарындагы сөздүк корго тиешелүүлүгү белгиленип, терминдин түзүлүшүндө эки зат атоочтун: *bar* жана *üs* ("сүлөөсүн") терминининин айкалышы көрсөтүлөт (В.Банг). Окумуштуу, түрколог Э.В. Севортян *барс* терминининин перс тилиндеги семантикасы кыргыз тилиндеги вариантына дал келерин, мышык тукумундагы ирдүү жырткычты туюндурарын, ошондой эле грек тилиндеги - *парбоç* жана санскрит тилиндеги - *prdaku-s* (Н.К. Дмитриев, Н.Н. Поппе) формаларына салыштыруу [2, 69-б.] менен далилдеген. Ошол эле учурда, биздин пикирде, *барс* термини жаныбарды эмес, анын чыккан мекени - Персияны атаган түшүнүк болушу да божомол.

Барс жаныбарынын терисинин өңүнөн (жол сымал издерден) улам *барс* морфемасына *ала* элементинин жалгашуусунда калыптанган (*ала+барс= алабарс (пестрый барс))* бул термин фонетикалык деформацияга учурап, натыйжада *жолборс* болуп өзгөрүшү белгиленет [3, 219-б.]. Аталган *барс* термини менен бир тукумдан болушу жана аталышы боюнча үндөш келген *арстан* термининдеги *-арс, илбирс* термининдеги *-ирс* жана *жолборс* термининдеги *-орс* бөлүкчөлөрүнүн ортосунда байланыштын бар-жогун аныктоого да көңүл буруу маанилүү.

Түрколог Э.В.Севортян байыркы түрк эстеликтеринде *irbis* термини кездешерин, бул термин менен *арстан, жолборс, пантера, ягуар, леопард, сүлөөсүн* сыяктуу жырткычтардын баары белгиленип келгенин эскертет [1, 73-б.]. Тукуму бир жырткыч жаныбарлардын жалпы бир термин менен белгилениши, аталган жаныбарлардын кыргыз тилинде ар башка термин менен аталышы *барс* термини түрк тилдеринин ар башка тилдик топторунда фонетикалык деформацияга учурашы менен гана түшүндүрүлсө чындыкка жакын болору белгилүү. Аталган үч термин этимологиялык өнүттө *барс* терминине тиешелүү болушу толук божомол, эгерде *жолборс, илбирс* жана *арстан* терминдеринин жалпы тилдик этимологиясы болжолу: *жолборс~жолбарс~йолборс~йолабарс~алабарс; илбирс~илбарыс~илбарс; арстан~барстан~барслан* тартиптеринде деформацияланып, бүгүнкү күндөгү жыйынтык аталышына жеткен деген негиздүү пикирди жаратат. Үч терминдин тең түзүлүшүндө <u>барс</u> негизи *(-борс, -бирс* жана *б-* бөлүкчөсү түшүп айтылган *-арс*) жана *-л* аффикси (*арстан* терминдинде *-т* болуп өзгөргөн) кездешет. Мында *барс, жолборс, илбирс, арстан* терминдеринин баары *"ирдүү жырткыч мышык"* түшүнүгүн бериши чындыкка жакын келет, ал эми терминдердин түзүлүшүндөгү айырмачылыктарды жараткан тилдик элементтер ***(<u>жол</u>борс, <u>ил</u>бирс, арс<u>тан</u>)*** жаныбарлардын бири-биринен өзгөчөлөгөн сырткы келбетин туюндурары ишенимдүү, андан тышкары үч терминге мындай айырмачылык берген үндүү тыбыштардын варианттарын (*-о-(жолборс), и-(илбирс), а-(арстан))* кездештиребиз.

Илбирс терминининн архетиби катары *ирбис* терминин белгилөө алгач окумуштуу Жорж Бюффон тарабынан 1761-жылы киргизилип, *"Персияда атайын мергенчиликке тапталуучу жаныбарды" туюндуруп*, Жети-Суу аймагында *ильберс* аталганы белгиленип [1, 73-б.], ушул эле *ирбис* жана *барс* терминининин ортосундагы божомол байланыш *ильберс~ ильберис~ ильбарыс~ильбарс~ибарс~барс* тартибине ээ болушу мүмкүн.

Жыйынтыктап айтсак, *барс, ильбирс, арстан, жолборс, кабылан, леопард* жана *сүлөөсүн* - мышык тукумундагы жаныбардын ар бир аймактын географиялык өзгөчөлүгүнө ылайык өң-түспөлүнүн, жашоо ыкмасынын өзгөрүшүнүн натыйжасында ар элде ар башкача аталышы жана жашаган ареалынын өзгөчөлүгүнө карата адаптациялашуусунун натыйжасы менен түшүндүрүлүп, түпкү теги бир эле жаныбар деген тыянак бүтүм чыгарабыз,

Уламышта кыргыздардын тукуму үзүлбөй, аман калышына себеп болгон ыйык жаныбар - *Бугу эненин* образы баарыбызга белгилүү. Бул жаныбарды атаган *бугу* терминининн фонетикалык дериваттары гагауз тилинде - *буа/bua;* согду тилинде - *поға/роуа;* уйгур диалектисинде - *буқу/buqu* формасына ээ болуп, архетиби *buga* деп көрсөтүлүп, кыргыз тилиндеги *бука* жана *бугу* терминдеринин түпкү теги жана архетиби *бука* формасы эсептелинип, *buga* термини байыркы түрк тилинде "*кепшөөчү, мүйүздүү жаныбарлардын жалпы аталышы"* катары эскертилет. Гагауз тилинде *буканын айкырыгына окшош* добуш чыгарган аспапты туюндурган *буга* терминининн түрк тилдерине таандык болушу чындыкка жакынбагандыгы белгиленет. Аталган термин кыргыз тилинде ыйык, демек сакралдык жаныбарды туюндургандан тышкары көчмөн турмушта - *түйүндөрдү чечүүчү таякты* да түшүндүргөн. Кыргыз тилинде төөнүн эркегин атаган *буура* термини байыркы түрк тилдеринде төөнүн гана эмес, ирдүү жаныбарлардын эркегин атоо үчүн колдонулуп, *бугара/боғара,* түрк диалектисинде - *buhar;* монгол тилинде - *buġura* формасына ээ болуп, якут тилинде да бугу жаныбарын туюндурган. Андан тышкары "жапайы уй баласы" түшүнүгүн да берген бул терминдин архетиби катары *буқу* формасы келтирилет [2,

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

230-б.]. Биздин көз карашта, *бука* термини *буура* терминин фонетикалык деформацияланган варианты болуп, *буура~бура~бугра~буга~бука* тартибинде тилдик эволюциялык жолду басып, калыптанышы божомол. *Бука* жаныбарынын орус тилиндеги аталышын туюндурган *бык* формасы *бука* формасынан *бука ~ бук~бык* же *бука~быка~бык* тартибинде калыптанышы, аталган эки термин туюндурган жандыктардын бир класстагы жаныбарлардан (кепшөөчүлөр) болушу менен далилденет. *Бугунун* тува тилиндеги экинчи аталышы *булан/bulan* тува тилиндеги *buyu* ("бугу") морфемасынан жаралганын белгилеген гипотеза изилдөөчү Б.Мункачи, В.Банг тарабынан белгиленип, ал эми *-lan* бөлүкчөсү байыркы кытай тилине *(lin - "жалгыз мүйүз")* таандык болушу божомол. Келтирилген гипотеза эгерде "*жалгыз мүйүз"* түшүнүгү жалпы адамзаттык уламыштарда баяндалган бир мүйүздүүнү эмес, *Бугу эне* жаныбарын (эки жаныбар тең мүйүздүү экенин эске алуу керек) туюндурса далилдүү болот.

Кыз балага салыштырмалуу өзгөчө эркек балдарга *"Тайманбас сапаты жуксун!", "Эр болсун!", "Көк жал болсун!"* деген ниетте *тырмагын, азуусун* же *куйругун* бала жаткан бешикке тумар катары илген тотем жаныбар - *бөрүнү* атаган <u>*бөрү*</u> терминин чыгыш тилдик архетиби катары иран тили белгиленип, фонетикалык деформациясы *бөри~бөри~бүри* тартибинде берилет. Изилдөөчү Ф.Е. Корш бул термин иран тилинен кабыл алынып, "*коркунучтуу"* маанисин туюндурган *bayraka* термини менен батыш осетин тилиндеги - *beräy;* чыгыш осетин тилиндеги – *beräy* формаларын салыштырып, ошол эле учурда түрк сөзүнүн негизинде *biruka* (байыркы инд тилинде - *bhiruka*) формасын белгилеген [2, 220, 260-бб.].

Жылкы термини түрк диалектисинде - *йылхы;* кумандин тилинде - *йилқы*; азербайжан диалектисинде - *йылхы/ йирхы;* өзбек диалектисинде - *илқы;* түрк диалектисинде - *илки;* уйгур тилинде - *жилқи;* балкар тилинде - *зылқы* сыяктуу дериваттарга ээ болуп, бүгүнкү күндө *"оор чарба иштерин аткарган баалуу үй жандыгын"* туюндурса, архетибинин *(йылқы)* семантикасы *"төрт буттуу жаныбарлардын жалпы үйүрүн"* атаган. Якут тилинде жылкы баласы көптүк сандагы *"жылкылар"*, түркмөн тилинде жекелик сандагы *"жылкы"* термини менен белгиленген. Окумуштуу А.Вамбери *жылкы* термини *("чогултуу")* маанисиндеги *-йыл(jil, il)* этишинен келип чыкканын белгилеп, негиздүү далил катары *"чогултуу"* маанисин берген *–üg* этиши жана *–r* аффиксинен куралган *"үйүр, топ"* түшүнүгүн берген - *ügür* термини келтирилген. А.Вамбери сунуштаган *йыл-* этишинин архетиби мында *йыгыл* формасына ээ болору белгиленет [3, 281-б.]. *Жылкы* терминин *йыгыл* формасынан калыптанышы *йыгыл~йыглы~ йылгы* тартибинде болушу жана бул жаныбардын ургаачысынын кулун көтөрүү өзгөчөлүгүнө жараша (өсүп-жетилүү мөөнөтү: 320-360 күн, жалпысынан 1 жыл) атаган (*бир жылдык~бир жылкы* жаныбар) термин болушу, ошондой эле бул жаныбардын башын улам илкий берген белгилүү өзгөчөлүгүнөн улам *илкий~илки~ йилки~йилкы ~йылкы~жылкы* тартибинде жыйынтык формасына жетиши божомол.

Элдик ишенимде колдоочулук касиетке эгедер, байлыктын ээси саналган, ал эми медицина илиминде уусу дары саналган *жылан* термини этимологиялык сөздүктө *-йыла:н* формасына ээ болуп, термин *"жылмакай" (А.Вамбери)* жана "*сойло, жыл"* (Л.З.Будагов) семантикаларына ээ *йыл-* морфемасынан жаралган, *жыл* (*сойло)+ан(аффикс)* (Э.В. Севортян) тилдик түзүлүшкө ээ деген гипотезалар менен терминдин дериваттары түрк диалектисинде - *илан;* алтай тилинде - *дылан;* хакас, тува тилдеринде - *чылан;* балкарча - *зылан;* уйгур диалектисинде - *жилан;* азербайжан диалектисинде - *йилан;* салар тилинде - *yilən/yilan* [3, 276-б.] формасына ээ болуп, архетип катары түрколог Э.В.Севортян сунуштаган *жыл(сойло)+ан(аффикс)* тартибине ажыраган *жылан* терминин негизине *-ан* гана эмес, *-ган* формасындагы аффикс жалганат десек жаңылышпайбыз.

"Мүнөзү алгыр болсун!", "Келечеги бийик болсун!" деген түшүнүктөр түрк тилдерине мүнөздүү *бүркүт* термини менен анын монгол тилиндеги *bürgüd/бүргэд* дериваттары дал келери белгиленип, алтай тилинде/диалектисинде - *мүркүт/mürküt;* каракалпак тилинде - *бүркит/bürkit;* өзбек тилинде - *бургут/bürgit* формасына ээ *бүркүт* термини жалпы түрк тилдеринде *бүргүт/bürgüt* деп белгиленип, *"азыгын тырмагы менен илүү"* семантикасын туюндурган - *бүр-* этишине *-қа-/-қы-* аффикстеринин жалганышы көрсөтүлүп [2, 300-б.], ал эми *-т* көрсөткүчү - *ылдамдыкты, тездикти* туюндурушу [3, 93-б.] божомол деген гипотезага таянып, аталган терминдин *bür+қа=bürga~bürgü~bürgüt* тартибиндеги эволюциялык жолун келтирсек болот.

Жаштар арасында бактылуу, ынтымактуу, бекем бүлөнүн символикасы саналган *ак кууларга* дайыма махабатта туруктуу, бири-бирине берилген ынак түгөйлөр салыштырылып, эки түгөйлүү бул терминдин биринчи компоненти - *ак* (түстүк спектр) маанисин туюндуруп, экинчи компоненти - *куу* түрк лексикасы

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

(кугу) саналып, *ак куу* жаныбарынын чыгарган добушуна *("куу-куу")* жараша калыптанган, демек этимологиялык өңүттө табыш тууранды сөз катары саналып, аналогиялык жагдай катары күкүктүн чыгарган добушунан (кү-кү) улам *күкүк* аталышы илимде белгиленип келет. Түрк тилинде - *кув/kuğu;* кумандинче - *ку:* хакас тилинде/ диалектисинде - *ху:* азербайжан тилинде - *ку* формасына ээ болуп, балкар тилинен тышкары түрк тилдеринде, анын ичинде кыргыз тилинде да *ак кууну* туюндурат. Ошол эле учурда *"Куу термини менен куш терминин байланышы барбы!"* - деген суроо жаралат. Жооп издесек, бул эки терминдин ортосунда эч кандай байланыш сөздүктө белгиленбейт, *куш* терминин өз алдынча семантикасы гана белгиленет, тагыраак айтканда, манчжур тилинде *ак куу* - *garu*, корей тилинде - *kari ("ак куу, жапайы каз"*), эвенк тилинде - *gare ("ак куу, филин")* формасына ээ экени эмгекте белгиленет [4, 100,181-бб.]. *Каз* жана *куу* терминдеринин теги жалпы болушу мүмкүн, тагыраак айтканда, манчжур тилиндеги - *garu* формасынын 1) биринчи үндүүсү түшүп же *u* тыбышы менен алмашуусу жана *r* тыбышы сүрүлүп чыгарылып *(garu~guru~gui)*, фонетикалык деформацияга учуроосу; 2) чуваш тилиндеги *хур* вариантынын фонетикалык деформациясы; 3) экинчи үндүүсү түшүп, *r* тыбышы *z* тыбышы менен алмашуусунун *(garu~gar~gaz)* натыйжасында *каз* терминин жасалышына алып келген деген жыйынтык пикирди сунуштайбыз.

Адабияттар:

1. Севортян Э.В. Түрк тилдеринин этимологиялык сөздүгү / Севортян Э.В. / "А,Е,И,О,Ө,У,Ы" тому. - Москва, 1978. - 73, 649-бб.
2. Севортян Э.В. Түрк тилдеринин этимологиялык сөздүгү / Севортян Э.В./ "Б" тому. - Москва, 1978. - 69, 220, 230, 260, 300-бб.
3. Севортян Э.В. Түрк тилдеринин этимологиялык сөздүгү / Севортян Э.В./ "Ж,Ж,Й" тому. - Москва, 1978. – 93, 219, 276, 281-бб.
4. Севортян Э.В. Түрк тилдеринин этимологиялык сөздүгү / Севортян Э.В./ "К" тому. - Москва, 1978. - 100, 181-бб.